DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 3, 2020

*Бабаева А.Д., Бабаев М.Д.*

# ГУМАНИТАРДЫК ДИСЦИПЛИНАЛАРДЫ ОКУТУУДА СТУДЕНТТЕРДИН НРАВАЛЫК-УКУКТУК МАДАНИЯТЫН КАЛЫПТАНДЫРУУ

*Бабаева А.Д., Бабаев М.Д.*

# ФОРМИРОВАНИЕ НРАВСТВЕННО-ПРАВОВОЙ КУЛЬТУРЫ СТУДЕНТОВ В ОБУЧЕНИИ ГУМАНИТАРНЫМ ДИСЦИПЛИНАМ

*A.D. Babaeva, M.D. Babaev*

# FORMATION OF MORAL LEGAL CULTURE OF STUDENTS IN TEACHING HUMANITARIAN DISCIPLINES

*УДК: 347.5*

*Гуманитардык предметтер окуу-тарбия процессинде өзгөчө орунда турат. Алар инсандын жалпы билимин калыптандыруу куралы катары таанып билүү процессинде чоң касиетке ээ. Макаланын негизги максаты орто кесиптик окуу жайлардын студенттеринин нравалык-укуктук маданияттын калыптандырууда окутулган дисциплиналардын тийгизген таасири боюнча анализ жүргүзүү болуп саналат. Бул маселени чечүүгө, гуманитардык дисциплиналарды окутууда өз алдынча, кызыгуу жана канааттануу менен мүмкүнчүлүк берүүгө өзгөчө көңүл бурулат. Билим берүүнүн мазмунунун бир бөлүгүн жаңылоодо – салттык мазмунун тарых, адабият, философия, социология жана башка түзгөн укук чөйрөсүндөгү окуу материалдарды синхрондоштуруу жолун издөөгө көңүл бурулушу керек. Автор тарабынан бул окутулган дисциплиналар боюнча түрдүү инновациялык методдор сунушталган. Гуманитардык сабактар боюнча биринчи курстун студенттеринин өз алдынча иштөөгө, алардын интеллектуалдык деңгээлин жана нравалык-укуктук маданиятын жогорулатууга өзгөчө көңүл бурулат.*

***Негизги сөздөр**: гуманитардык предметтер, студенттер, нравалык-укуктук маданият, окутуу, нравалык тарбия, окуу жай, интеллектуалдык деңгээл.*

*Гуманитарные предметы занимают особое место в учебно-воспитательном процессе, выступая своеобразным средством, орудием формирования общей образованности личности. Целью статьи является анализ преподаваемых дисциплин в среднем профессиональном учебном заведении на формирование нравственно-правовую культуру студентов. Особое внимание уделено решению вопроса, обеспечению возможности самостоятельно, с интересом и удовлетворением изучать гуманитарные дисциплины. В части обновления содержания образования следует обратить внимание на поиск путей синхронизации учебного материала в области права, что составляет традиционное содержание курсов истории, литературы, философии, социологии и другие. Автором предложены различные инновационные методы обучения по данным дисциплинам. Значительное внимание уделяется самостоятельности студентов с первого курса по гуманитарным дисциплинам для повышения своего интеллектуального уровня и нравственно-правовой культуры.*

***Ключевые слова**: гуманитарные предметы, студенты, нравственно-правовая культура, обучение, нравственное воспитание, учебное заведение, интеллектуальный уровень.*

*Humanitarian subjects occupy a special place in the educational process, acting as a peculiar means, an instrument for the formation of the general education of the individual. The purpose of the article is to analyze the taught disciplines in a secondary vocational school for the formation of the moral and legal culture of students. Particular attention is paid to resolving the issue, providing opportunities independently, with interest and satisfaction to study humanitarian disciplines. In terms of updating the content of education, attention should be paid to the search for ways to synchronize educational material in the field of law, which is the traditional content of history courses, literature, philosophy, sociology, etc. The author has proposed various innovative teaching methods in these disciplines. Considerable attention is paid to the independence of first-year students in humanitarian disciplines in order to increase their intellectual level and moral and legal culture.*

***Key words**: humanitarian subjects, students, moral and legal culture, training, moral education, educational institution, intellectual level.*

Гуманитардык сабактарды окуп үйрөнүү процессинде колледждин студенттери өзүнүн социалдык ролун, коомдук мамиленин мүнөзүн, моралдык-укуктук нормалардын маңызын таанып, өзүнүн жүрүм-турумун алардын талаптарына айкалыштырууну үйрөнөт.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



Мына ушуга байланыштуу гуманитардык сабактардын мугалимдеринин алдына моралдык-укуктук мүнөздөгү билимин тереңдетүү жана жогорулатуу милдеттендирилген.

Ушундан улам нравалык-укуктук маданиятты калыптандырууда социалдык-гуманитардык сабактар чоң мааниге ээ болот. Ошол себептен бул циклдеги предметтерге студенттердин мамилесин билүү максатында: "Силерге социалдык-гуманитардык сабактарды окуп үйрөнүүнүн зарылдыгы барбы?" деген суроого, юридикалык колледжин студенттеринин арасында төмөнкүдөй натыйжага ээ болдук: 48% социалдык-гуманитардык сабактар маанилүү экендигин белгилешкен. Ал эми 52% алардын кесиби менен тыгыз байланыштагы предметтер гана окутулушу керек деп ойлошот. Алардын көз карашы боюнча, аталган сабактарды гуманитардык багыттагы студенттер гана окуп үйрөнүшү керек. Себеби, алар тандалган багыт боюнча сабактардын жемиштүү окулуп үйрөнүлүшүнө тоскоол болот деген пикирди карманышат.

Биз ошондой эле адистик билим алуу үчүн зарыл болгон кесиптик предметтерди, адамдын рухий талаптарын канааттандыра турган илимди гана окуп үйрөтүүнү кучагына алган билим берүү парадигмасына артыкчылык берген студенттер да арбын экенин көрдүк. Мындан тышкары, түздөн-түз гана кесиптик тапшырмаларды аткаруу үчүн зары болгон билимди, жөндөм-шыкты, мүмкүнчүлүктөрдү өздөштүрүү менен чектелип калуу инсандын ар тараптуу өнүгүшүнө жол бербей тургандыгына күбө болдук.

Орто кесиптик билим берүүнү гумандаштыруу – өзгөрүү жолундагы коомдун билим берүү багыты илимий-техникалык билимдин белгилүү деңгээлине ээ болуп, социалдык-гуманитардык предметтерди, анын ичинде нравалык-укуктук маданиятты алып жүрүүчү болуп саналган шартка багытталат. Орто кесиптик окуу жайлардын мугалимдеринин пикирине таянсак, жогорку окуу жайынан алган социалдык-гуманитардык билим студенттин турмуштук инсандык позицияларынын калыптанышына активдүү катышат да, гуманитардык сабактар студенттердин нравалык-укуктук маданиятын калыптандырат. Ошон үчүн гуманитардык блоктун кыскартылышы жалпы кесипкөйлүктүн, кесиптик жоопкерчиликтин төмөндөшүнө алып келип, студенттердин нравалык-укуктук маданиятынын калыптанышына жолтоо болот» [1, 245-б.].

Нравалык-укуктук маданияттын компоненттерин социалдык-гуманитардык предметтердин мазмунуна интеграциялоодо "Укук таануу", "Философия", "Экономика", "Тарых", "Социология" сабактарынын зарылдыгына баса белгилеп кетүү керек. Анткени укук таануу сабак катары орто кесиптик билим берүүдө окутулушу зарыл. Себеби, ал кенже курстардан эле студентердин андан наркы жашоосунда да керек болуп, нравалык-укуктук маданиятты калыптандырат. Ошондон улам "Укук таануу" предметинин окутулушунан алынган жыйынтыктар колледждин студенттеринин нравалык-укуктук маданиятын калыптандыруу деңгээлин жогорулатууда натыйжалуу ийгиликтерге жетишүүгө боло тургандыгын дагы бир жолу бышыктады.

Изилдөө ишибиздин жүрүшүндө көптөгөн илимдердин теориялык жана усулдук багыты катары кызмат кылган "Философия" предметинин тарбиялык потенциалы активдүү пайдаланылды. Себеби, ал жаратылыштын жалпы мыйзамдарын, бүткүл ааламды жана коомду окутуп үйрөтүп, бул дүйнөдөгү адамдын ордун көрсөтүүгө аракет кылат. Адамдын ой жоруумун, чындыкка жетүү үчүн жасалган аракетин, терең ачып берип, студенттердин курак-жашынындагы талаптарды айкын көрсөтөт. Бул предметти окуп үйрөнүү студенттерди өзүнүн келечеги жөнүндө философиялык жактан терең ой жүгүртүүгө багыттайт. Философиялык билими боюнча студенттер нравалык-укуктук маданияттын баалуулуктарына өзгөчө таасир тийгизе турган турмуштук кымбат баалуулуктарды тааный башташат. Ошондой эле бул предметти окуп үйрөнүү процессинде студенттер ачык-айкын талкууга алып, өздөрү кызыккан суроолордун жообун тапканга аракеттенишет. Өзүнүн келечеги жөнүндө, мамлекет жөнүндө, биз эмне үчүн жашайбыз, кандай жашоо туура болот деген суроолорго жооп издей башташат. Тагыраак айтканда, бүгүнкү турмушта зарыл болгон кымбат баалулуктар жөнүндө ой жүгүртүп, өзүнүн жеке дүйнө таанымын калыптандырат.

Байкоо жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча философияны окутууда студенттерге активдүү издөө позициясында туруп, өз оюн ачык айтууга жол берген көйгөйлүү багыттык мамиле эффективдүү болуп эсептелинди.

Бул жерден биз студенттерге биринчи курстан эле өзүнүн мамлекетинин келечегине кайдыгер карабай, алар жогорку нравадагы коомдуу, укуктук мамлекетти көргүсү келет. Ошондой эле ал же бул маселеге студенттердин кызыгуусунун ойгонушу мугалим пайдаланган мамилелерге, ыкмаларга, студенттер менен өзү окуткан предметке карата жасаган мамилесине көз каранды деген жыйынтык чыгара алабыз.

Тарых боюнча окуу куралдары жана программалар калктын ар кандай катмарынын, мекеме-уюмдардын, ар кандай доордогу тарыхий инсандардын моралын жана жүрүм-турумдарын мүнөздөгөн мазмунду

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



жетиштүү деңгээлде. Ошондон улам, нравалык тарбия маселесин чечүү үчүн окуу куралдарына жаңы фактыларды, теориялык маселелерди кошумча киргизүү зарылдыгы жок. Андагы айрым маалыматтардагы фактыларды, өзгөчө көз караштагы акценттерди конкреттештирүүнүн өзү эле жетиштүү.

Ошентип, тарых курсунун бир бөлүгү эле нравалык идеяларды жана адам мүнөзүн прогрессивдүү жашоо деталдарынын мисалында активдүү калыптандырууга негиз болот.

Көрүнүктүү адамдардын өмүр баяндары инсандын нравалык сапатынын өнүгүшүндөгү ажырагыс бүтүндүгү катары – эрдикке, чынчылдыкка, туруктуулукка, максатка умтула билүүгө, адилеттикке, мекен үчүн каны-жанын аябоого тарбиялоого жардам берет. Тарыхый ишмерге берилген мүнөздөмө сабактарда нравалык маселелерди, анын ичинде саясий этикаларды талкуулоого түрткү болот. Тарыхий инсан нравалык дилеммалардын бөлүгү боло алат. Болбосо алардан келип чыккан, өлкөдөгү абалдын начарлашына жол ачкан себептерге адаттан тышкаркы, катуу чаралар кабыл алынат.

Студенттердин нравалык тарбиясына негиз боло турган тарыхий маалыматтардын дагы бир блогу белгилүү бир доордогу коомдун нравалык жүрүм-турумунун айрым элементтерин чагылдырган маалыматтарды көрсөтөт [2, 400-б.].

Тарых сабагынын тарбиялык таасири, бир тарабынан, белгилүү бир инсандык мүнөздөрдү алып жүрүүчү, студенттердин алдында өзүн бир бүтүндүк, белгилүү бир моралдык жыйындысы экендиги чыгармадагы каармандардын мисалында аныкталат. Жогоруда белгиленгендей, бул тапшырманын чечилиши прогрессивдүү тарыхый инсандык турмуштун мисалында кыйла жеңил жүрөт.

Биринчиден, тарыхий инсан жөнүндөгү билимди калыптандыруу этап-этабы менен аткарылышы керек; ал тышкы көрүнүшүнөн, өмүр баянындагы фактылар аркылуу мүнөздүк белгилерди таанып билүү, анын жүрүм-турум мотивдерине анализ жүргүзүү, андан нары анын жоопкерчилигендеги маселе чечилген учурдан адамдын психологиялык түшүнүгүн таанып билүү менен башталып, жыйынтыгында бүтүндөй мүнөздөмө берүү менен жыйынтыкталышы керек. Мына ушунун өзү студенттерде нравалык сапаттардын калыптанышына жол ачат.

Экинчиден, инсан ишмердигинин тарыхый өнүгүүнү чечкен учуруна, өз тагдырына, өлкө тагдырына таасир бере турган тандоо жүргүзгөн учуруна өзгөчө көңүл бурулушу зарыл. Мунун өзү күтүлгөн альтернативдик тарыхты ачып, тандоо шартынын ролун, адамдын турмуштук, нравалык позициясынын тарыхый маанисин көрсөтөт.

Үчүнчүдөн, көркөм инсан ар тараптуу көз караштан, анын ичинде ошол адам жашаган доорду камтыган көз караштын чегинде да бааланышы керек. Студенттерди тарыхчылардын эле пикири менен тааныштырбай, ал же бул инсандын замандаштарынын айтымдары менен да тааныштыруу зарыл. Ошондой эле турмуштук кырдаалдарды моделдештирүү, инценировка сыяктуу ыкмалардын колдонулушу мүмкүн. Мына ушулардын баардыгы инсандын айлана-чөйрөсүндөгү адамдар менен болгон карым-катышынын мүнөзүн көрсөтүп, жоорку класстын окутуучуларын толеранттуулукка үйрөтөт.

Каарманадардын тагдырына байкоо жүргүзүү - алардын турмуштук тажырыйбасынын өзгөчө формасы болуп саналат. Бул учурда алар өздөрү жактырган каармандар менен бирге алар кайгырса жөн гана бирге кайгырбастан, ойлоп табылган адамдардын тагдырында бирге жашап, кыялында анын ордуна өзүн кое алат. Инсанды калыптандырууда интенсивдүү нравалык ишмердикте студент тарабынан өздөштүрүлүп, мындай моралдык тажырыйбага айланган учурга тактоо киргизүүнүн зарылдыгы жок.

Орто кесиптик билим берүүнүн ар бир студенти социологиялык билимдин бекем негизине ээ болушу да керек. Себеби, социология предмет катары азыркы дүйнөдө жана коомдо болуп жаткан социалдык көрүнүштөр, процесстер жөнүндөгү түшүнүгүнүн келип чыгышына жол ачат. Ал – теңсиздик маселесин, жардылык жана байлык, адилеттик жана кара өзгөйлүк сыяктуу социалдык курч маселелерди изилдейт. Бүгүнкү күндө социология өзү түзүп, өзү жашап жаткан ички суроо- талаптарды, адамдын максаттарын жана кызыкчылыктарын окутуп үйрөнөт.

Коом инсан менен ажыратылгыс биримдикте туруп, социомаданий система катары социологиялын изилдөө предметине кирет. Башка гуманитардык илимдер сыяктуу эле бул предмет да маданиятты, анын ичинде нравлык-укуктук маданиятты адам түзгөн табияттын бир бөлүгү катары окуп үйрөнөт. Социология нравалык-укуктук коомдун жалпы көрүнүшүн чагылдырып берет. Анда ”Салттар жана баалуулуктар, социалдык нормалар, жүрүм-турум эрежелери, үрп-адаттар, ырым-жырымдар, жөрөлгөлөр, ритуалдар, этикет, нрава боюнча өз көз караштар менен мамилелер бар” [3, 67-б.].

Студенттердин нравалык-укуктук маданиятын калыптандыруу планында улуттар аралык, экономикалык, саясий мамилелердин үндөштүгү абдан актуалдуу маселе. Себеби, ал нравалык-укуктук, турмуштук,

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



жарандык позицияларды калыптандыруунун активдүү процессинде студент жаштардын укуктук аң-сезимине түздөн-түз таасирин тийгизет. Социологиялык билимдин күчү менен гана студенттер өзүнө зарыл болгон баалуулук багыттарын туура тандашы мүмкүн. Бул предметти окуп үйрөнүү менен алар кесиптик ишмердигинде да, жеке турмушунда да зарыл болгон комплекстик билимди өздөштүрүшөт. Азыркы коомдун жана мамлекеттин нравалык-укуктук чөйрөсүнүн өнүгүшүнө студенттердин социологиялык анализ жүргүзүүнү жүзөгө ашыруу жөндөмү биринчи курстан ойгонот. Ошондуктан студенттердин нравалык-укуктук маданиятынын өнүгүү маселесин окуп үйрөнүү, аларга анализ жүргүзүү – орто кесиптик билим берүүдө укуктук жана нравалык тарбия уюштурула турган төмөнкүдөй концептуалдык позициялардын негизин бөлүп кароого жол ачты:

- студенттердин философиялык-дүйнө тааным даярдыгы, социалдык- экономикалык өзгөрүү шартына, социалдашуунун жаңы формасынын түзүлүшүнө, адам турмушуна карата жасалган аң-сезим мамилесинин калыптанышына, өз тагдырын өзү долбоорлоп, аны өзү жүзөгө ашырууда келип чыккан суроо талапка адаптацияланышы;
- студенттердин коомдук-укуктун адамдзаттык негизинин системасына, анын ичинде кең пейилдик, кайрымдуулук, чыдамкайлык, өз ара жардамдашуу негизиндеги өз элинин жана мекенинин нравалык категорияларында органикалык түрдө интеграцияланган нравалык-укуктук маданиятка тартылышы;
- ар бир студенттин табигый негиздеринин, чыгармачылык потенциалынын аныкталышы жана өнүгүшү, индивидуалдык активдүү адам ишмердигинде, жамааттык карым-катышта алардын жөндөмдөрүнүн жүзөгө ашырылышы;
- ички эркиндиктин, өзүн-өзү объективдүү баалоо, жүрүм-турумун жөнгө салуу жөндөмүнүн, өзүнүн ийгилигине болгон сезимдин, өзүн-өзү сыйлай билүүнүн, рефлекцияларга карата жөндөмүнүн жана даярдыгынын өнүгүшү;
- укуктук тартипке, турмуштук нормаларга, жарандык жана социалдык жоопкерчиликтин өнүгүшүнө, өз өлкөсүнүн бейпилдиги тууралуу түйшүктө, патриотизмде, адамзат цвилизациясын сактоодо пайда болгон инсандык маанилүү белгилерге урмат-сый менен мамиле кылууга тарбиялоо;
- турмуштун эң жогорку баалуулугу катары эмгек мотивациясына, эмгекке карата чыгармачылык мамилеге болгон суроо талапка тарбиялоо, ишке карата жасалган мамиле боюнча жоопкерчиликке, чынчылдыкка, ишкердикке, демилге көтөрө билүүгө, социалдык-маанилүү максатка умтулууга тарбиялоо;
- продиктивдүү жана кызматташтыктагы жамааттын суроо талабына тарбиялоо жана өнүктүрүү [4, 200-б.].

Укуктук билимин, жөндөм-шыгын кеңейтүүгө жасалган студенттердин аракеттеринин көрсөткүчтөрүнүн бири – бул алардын өз алдынча юридикалык адабияттарды, монографияларды жана башка окуу усулдарды окуп үйрөнүүгө умтулгандыгы болуп эсептелет. Биздин көз карашыбызда, дал ушул студенттердин өз алдынча иштери билим берүүнүн маданий көлөмүн кеңейтүүнүн башкы бутактарынын катарын толуктайт. Нравалык-укуктук маданияттын баардык байлыктары эсептелип бөлүнгөн окуу сааттарынын чегинде толук ачылып көрсөтүлүшү мүмкүн эмес.

Моралдык жана укуктук көз караштан башкарууну, чечим кабыл алууну тандоо жөндөмүн калыптандырууда социологиялык түшүнүктөргө жана категорияларга ээ болушу студенттерге жардам берет. Ошондой эле социология студенттер үчүн кесиби боюнча гуманитардык жана атайын билимдин ортосунда көпүрө катары кызмат кылышы мүмкүн [3, 60-б.].

Белгилүү болгондой, социологияны окуп үйрөнүүнүн предмети коом, анын бир бөлүгү катары ошол коомдун жаштары эсептелет. Социология адамдардын индивидуалдык жана массалык жүрүм-турумдарын нравалык-укуктук көз караш менен карап окуп үйрөнөт.

Демек, социология – бул коом жөнүндөгү, айрым социалдык институттар: мамлекет, үй-бүлө, билим, дин, бизнес, маданият ж.б.у.с .жөнүндөгү илим. Ал өз ара кызматташууну, баарынан мурда, нравалык-укуктук көз караштан карайт. Булардын баардыгы "Социалдык институттар" темасын окуп үйрөнүү аркылуу ачылат. Коомдо инсан болуп таанылуу процессин, социалдашуу агенттеринин, коомдук пикирдин инсанга тийгизген таасирин студенттердин түшүнүшү зарыл. Булар жөнүндө толук маалыматты алар социология сабактарынан билишет. Социология ошондой эле комдун маданиятын, анын ичинде нравалык-укуктук маданиятты, бүтүндөй коомду, анын катарында жаштардагы маданият түрлөрүн, маданият формаларын, маданият функцияларын окуп үйрөнөт.

Маданиятты социалдык көрүнүш катары көптөгөн социалдык-гуманитардык сабактар окуп үйрөнөт. Ал эми социологияда маданият – социалдык табиятка ээ болгон предметтерди, идеяларды, баалуулуктар түшүнүгүн түзүүгө, өздөштүрүүгө, сактоого, таркатууга багытталган социалдык мамилелердеги динамикалуу, социалдык ар кандай кырдаалдарда адамдардын өз

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



ара түшүнүшө билишин камсыз кылган татаал түзүлүш. Нравалык-укуктук маданий баалуулуктар адамдардын тажрыйбаларынан, жүрүм-турумдун белгилүү түрлөрүнүн тандалышынын негизинде калыптанат [5, 39-б.].

Социологиялык билим студент жаштарга өзүн-өзү түшүнө билүүгө, турмушта зарыл болгон баалуулуктарды, алардын ичинде кийинки кесиптик ишмердигинде, жеке турмушунда маанилүү роль ойной турган нравалык-укуктук маданиятты таанууга жана кабыл алууга жардам берет. Студенттердин алган билими коомдо болуп өткөн жалпы социалдык-укуктук, процесстерди көрүнүштөрдү ачууга, алардын өнүгүү тенденцияларын аныктоого жардам бере тургандыгын практика көрсөттү. Сабактарда студенттер биринчи курстан социалдык-укуктук процесстердин, азыркы көрүнүштөрдүн карама-каршылыктарын анализдөөнү үйрөнүшү каралат. Ошондой эле алган билиминен алар окулуп үйрөнүлгөн илимдердин гуманистикалык мазмунуна таянынышты, биздин коомдун рухий потенциалын калыптандыруу боюнча негизги теориялык жоболорун, мамлекеттин негизделген оптималдуу укуктук системасынын түзүлүшүн турмушка ашырууну билиши шартталат. “Жүрүм-турумдун бузулушу” темасы укук таануу менен тыгыз байланышта жүрүп, укуктук билимди бышыктайт жана кеңейтет. Жүрүм-турумдун бузулушу, биринчи кезекте, моралдык көз караштан девианттык жүрүм-турум катары каралат. Мындай жүрүм-турум коомдук пикирде да, мыйзам чегинде да жактырылбайт. Бул теманы окутууда проблемалык багыттык мамиленин пайдаланылышы студенттерде нравалык-укуктук маданияттын эффективдүү калыптанышына жол ачат.

**Адабияттар:**

1. Аксенова Г.И. Студент как субъект образовательного процесса. - Рязань, 1998. - С. 247.
2. Бабаев М.М. О культурологическом подходе к пониманию правовой культуры личности // Материалы международной научно-практической конференции. - Брянск, 2003. - С. 420.
3. Бабаева А.Д. Правовая культура и ее роль в формировании личности. Учебно-методическое пособие. - Ош, 2013. - С. 70.
4. Ксензова Г.Ю. Перспективные школьные технологии. - М.: Педагогическое общество России. 2000. - С. 224.
5. Бабаева А.Д. Основные компоненты формирования нравственных качеств старшеклассников в процессе изучения гуманитарных дисциплин. // Актуальные проблемы гуманитарных и естественных наук. - Москва, 2016. - С. 39.